**Кыдыр Аке жергиликтүү кеңешинин**
**2024-жылдын 2-августундагы №30**
**токтому менен бекитилди**

# “КЫДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫ -АКЫЛДУУ ЖАШЫЛ АЙМАК” САНАРИПТЕШТИРИЛГЕН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ 2024-2027-жж.

<table>
<tr><th colspan="2">1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨСҮ</th></tr>
<tr><td colspan="2">Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгы менен Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда Теплоключенка, Кереге-Таш жана Эңилчек айыл аймактарын бириктирип, Теплоключенка айылын административдик борбор деп аныктоо менен 2024-жылдын 25-мартында Кыдыр Аке айыл аймагы түзүлдү</td></tr>
<tr><td>Географиялык абалы</td><td>Кыдыр Аке айыл аймагы Ысык-Көл облусунун чыгыш тарабындагы Ак-Суу районунда айыл жергенсинде жайгашкан, чыгыштан Хан-Теңири айыл аймагы, батыштан Алтын-Арашан айыл аймагы менен чектешет.<br>Айыл аймактын борбору – Теплоключенка айылы.<br>Борбордон алыстыгы 410 км.<br>Облустук борбору Каракол шаарынан алыстыгы 12 км.<br>Темир жол түйүнүнөн алыстыгы 230 км.<br>Кыдыр Аке айыл аймагы 8 (сегиз) айылдардан турат: Теплоключенка, Лесное, Кереге-Таш, Сары-Камыш, Кайырма-Арык, Ново-Константиновка, Пионер жана Эңилчек. Теплоключенка айылы Ак-Суу районунун борбору болуп эсептелет.</td></tr>
<tr><td>Жалпы аянты (га)</td><td>50219,8 га</td></tr>
<tr><td>Ландшафт жана жаратылыш шарттары</td><td>Кыдыр Аке айыл аймагы тоолуу аймактардын катарын толуктайт, деңиз деңгээлинен Теплоключенка айылы 1825 метр, Лесное айылы 1885 метр, Кереге-Таш, Сары-Камыш айылдары 1809 метр, Ново-Константиновка айылы 1811 метр, Пионер жана Кайырма-Арык айылдары 1850 метр, ал эми Эңилчек айылы 2600 метр бийиктикте жайгашкан.<br><br>Аймактын курамындагы Эңилчек айылына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-мартындагы N 186 «”Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймак катары өзгөчө статус берилген.<br><br>Аймактын климаты континенталдуу кургак, жаан-чачындын орточо айлык нормасы 600-700 мм түзөт.<br><br>Кыш мезгили 4-5 айга созулат жана калың кар менен коштолот. Жайында орточо температура 25-30 ºC, кышында 20-25ºC.</td></tr>
<tr><td>АА калкы (адам), анын ичинде:</td><td>22806</td></tr>
<tr><td>Теплоключенка айылы</td><td>14070</td></tr>
<tr><td>Лесное айылы</td><td>222</td></tr>
<tr><td>Кереге-Таш айылы</td><td>2948</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| Сары- Камыш айылы | 1968 |
| Ново-Константиновка айылы | 1088 |
| Пионер айылы | 659 |
| Кайырма-Арык айылы | 1703 |
| Эңилчек айылы | 148 |

| | |
|---|---|
| **СЭӨПнын максаты** | Айыл аймагынын калкынын жашоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде азыркы жана келечек муундардын экономикалык, социалдык жана экологиялык бакубаттуулугун жогорулатуу менен акылдуу жашыл аймакка айландыруу.<br>Кыдыр-Аке ААнын экономикасы мал чарбачылыгына, өсүмдүк өстүрүүгө жана туризмге багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто бизнес ачууга жагымдуу шарт түзүлгөн, тиричилик инфраструктурасы жогору болгон аймак.<br>Бул СЭӨПтө каралган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында социалдык-коммуналдык инфраструктура жакшыртылып, калктын бардык катмары үчүн, анын ичинде балдар, жалгыз бой энелер, кары-картаңдар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу жана жашоонун бардык шарттары менен коопсуз болгон аймак.<br>ААнын калкы таза суу жана байланыш менен камсыздалып, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо, санитария, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Калктын ичинде сергек жашоо образын жайылтуу менен дене тарбия жана спорт тармагын өнүктүрүлөт. |

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | *факт* | | | *күтүлгөн* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021-ж** | **2022-ж** | **2023-ж** | **2024-ж.** | **2025-ж** | **2026-ж** | **2027-ж** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 22577 | 22395 | 22771 | 22787 | 23050 | 23350 | 23598 |
| *Өсүш темпи %* | | *-0.8* | *1,6* | *0,7* | *1.15* | *1.30* | *1.50* |
| анын ичинде аялдар | 11566 | 11605 | 11547 | 11547 | 11670 | 11793 | 11916 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 16615 | 16644 | 16422 | 16594 | 16717 | 16840 | 16963 |
| *Өсүш темпи (%)* | | *1,7* | *-0,6* | *1,0* | *0,7* | *0,7* | *0,7* |
| анын ичинде аялдар | 9080 | 8611 | 8435 | 8527 | 8650 | 8773 | 8896 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны (адам): | 8307 | 8322 | 8211 | 8297 | 8359 | 8420 | 8482 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 3325 | 3210 | 3001 | 3016 | 2988 | 3021 | 3030 |
| Өнөр жай | 520 | 532 | 540 | 548 | 560 | 568 | 580 |
| *Иштетүүчү* | *600* | 609 | 620 | 628 | *637* | 644 | 657 |
| *Электр энергиясы* | *80* | 85 | *86* | *86* | *90* | 95 | 100 |
| *Курулуш* | 1201 | 1230 | 1238 | 1245 | 1255 | 1267 | 1278 |
| *Соода* | 1100 | 1150 | 1180 | 1200 | 1225 | 1235 | 1243 |
| *Транспорт жана байланыш* | 420 | 425 | 432 | 440 | 452 | 458 | 464 |
| *Башка кызматтар* | 1050 | 1070 | 1100 | 1120 | 1132 | 1102 | 1090 |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | 11 | 11 | 14 | 14 | 20 | 30 | 40 |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 148 | 247 | 412 | 687 | 605 | 550 | 500 |
| *Өсүш темпи* | | *6,9* | *6,8* | *6,8* | *-12.0* | *-10* | *-10* |
| анын ичинде аялдар | 76 | 127 | 213 | 355 | 370 | 385 | 400 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 433 | 448 | 479 | 467 | 444 | 419 | 394 |
| *Өсүш темпи* | | 3,4 | 6.9 | 3,4 | 5,1 | 6.3 | 6.1 |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 116 | 194 | 604 | 540 | 525 | 505 | 480 |
| *Өсүш темпи (%)* | | 6.7 | 11,3 | -11,4 | -3,0 | -4,0 | -5,0 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Бүгүнкү күндө Кыдыр Аке айыл аймагынын калкынын санарип аймакка катталгансаны 22787 адам, анын ичинен аялдар 11547 адам. Калктын өсүү темпи 0,7 % түзөт. Эмгекке жарамдуу калктын саны 16594 (49,9%), орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат, бирок бул мезгилден кийин бул чараларды ишке ашыруунун эсебинен жогору көрсөткүчтөрдү күтүүгө болот. Экономиканы өнүктүрүүгө багытталган программа, бул жаштардын сыртка агылышын олуттуу кыскартууга жана ошону менен эмгекке жарамдуу калктын кыйла олуттуу өсүшүнө алып келиши мүмкүн .

Расмий түрдө катталган жумушсуздардын саны 687 адамды түзөт. Айыл аймак боюнча жумуш орундары жетишсиз, расмий түрдө жумушсуз катары катталбаган адамдардын саны көп.

Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган адамдардын саны - 467 адам. Жакырчылыкты жоюу максатында иштер алынып барылууда. Райондун башка айылдарынан Теплоключенка айылына келген аз камсыз үй-бүлөлөрдүн саны жыл сайын көбөйүүдө.

Сырткы миграцияга чыгып кеткен адамдардын саны болжол менен 540 адам, так саны жок. Айыл өкмөтү тарабынан каттоого алынган мигранттын балдарынын эсепке алуу менен болжолдуу

саны чыгарылды. Балдары 18 жашка толгон, өздөрү 18 жаштан жогору болгон жарандар чет өлкөгө мигрант катары иштеп кеткен жарандар көп. Алардын көпчүлүк бөлүгү Россия Федерациясына, Батыш ж.б. өлкөлөргө барып иштешет.




**Айыл аймакта эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыз кылуу жана жакырчылыкты жоюу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан төмөндөгүдөй иш-чаралар жүргүзүлөт:**

- кезекке турган жарандарды турак жай куруугa жер участкалары менен камсыз кылуу;
- айылдардагы жер мунапысы маселесин чечип берүү;
- калкты жумуш менен камсыз кылуу бөлүмү менен жумушсуз жарандардын кесиптик билим алуусуна көмөктөшүү;
- аз камсыз болгон жарандарды коомдук пайдалуу жумуштарга тартуу менен аларга жумуш ордуна азык-түлүк менен камсыз кылуу долбоорлорун ишке киргизүү;
- кичи жана орто бизнести баштоону үйрөнүү боюнча окууларды уюштурууга көмөктөшүү;
- инвесторлорду тартууга, жаңы ишканаларды ачууга көмөктөшүү;
- жеке ишкердик кылууну көздөгөн жарандарга колдоо көрсөтүү.

**Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны:**




Теплоключенка айылы райондун борбору болгондугуна байланыштуу мамлекеттик мекемелер, ишканалар, соода, кызмат көрсөтүү түйүндөрү бар. Айыл тургундарынын жарымынан аз бөлүгү

мамлекеттик мекеме/ишканаларда, билим берүү уюмдарында, кызмат көрсөтүү жайларында иштешет. Көбүнесе дыйканчылык, мал чарбасы менен алектенишет.  Теплоключенка айылына жаз, күз айларында аймактын башка айылдарынан келип иштеген адамдардын саны салыштырмалуу азыраак.

Кереге-Таш, Сары-Камыш, Кайырма-Арык, Ново-Константиновка, Пионер айылдарынын дээрлик бөлүгү дыйканчылык, мал чарбасы менен алектенишет. Аз бөлүгү мектептерде, бала бакчада, ФАПта иштешет. Сырт өрөөнүндөгү бийик тоолуу татаал климаттык алыскы Эңилчек айылынын тургундары мал чарбасы менен тиричилик кылышат.

Жакырчылыктын жана жумушсуздуктун келип чыгуу себептери төмөндөгүлөр:

- Калктын эмгекке жарамдуу катмарынын миграцияга чыгып кетиши.
- Өнөр-жай кайра иштетүүчү чакан ишканалардын аздыгы.
- Калктын туруктуу жумуш оруну менен камсыз болбогондугу.
- Элге бизнес жаатында долбоорлор боюнча маалымат менен толук камсыз болбогондугу.

**Корутундулар жана сунуштар :**

Калктын жалпы санынын өсүшү анча деле чоң эмес – жылына 1%, ал калктын табигый өсүшү жана табигый азайышы менен гана жөнгө салынат.

Эмгекке жарамдуу калктын жалпы санында иштеген калктын үлүшү 49,9% ды гана түзөт. Калктын көбү айыл чарбасында иштейт .

Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны республиканын башка аймактарына салыштырмалуу аз.

## 3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 60 | 62 | 63 | 64 | 66 | *68* | *70* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 35 | 40 | 45 | 50 | 60 | *70* | *80* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 30 | 35 | 40 | 45 | 50 | *60* | *70* |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 30 | 35 | 40 | 50 | 60 | *70* | *80* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 700 | 800 | 1000 | 1100 | 1200 | *1300* | *1400* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 280 | 300 | 350 | 450 | 560 | *670* | *880* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 35 | 40 | 45 | 50 | 60 | *70* | *80* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | УСК | 98 | 99 | 100 | 100 | *100* | *100* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | ССМ | 2 | 2 | 2 | 2 | *2* | *2* |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | УСК | *12* | *12* | *12* | *12* | *13* | *13* |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

1. **Ичүүчү сууга** жеткиликтүүгү бүгүнкү күндө 64 % ды гана түзөт жана жергиликтүү калктын бардыгына жетишсиз, себеби, суу түтүктөрү толугу менен тартылып бүтө элек. Айыл аймакта жаңы конуштар ишке киргизилүүдө. Кээ бир айылдагы ичүүчу суунун тарамдары эскирген (союз мезгилиндеги суу түтүктөрү), реконструкциялоого муктаж, кээ бир айылдарда суу түтүктөрү такыр киргизилген эмес, резервуарлардын кубаттуулугу жетишсиз. Айыл өкмөтүнүн алдында “Ак-Суу коммуналдык чарбасы” муниципалдык ишканасы бар.

2. **Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу боюнча:**
Айыл аймакта катуу тичилик таштандыларын ташып чыгаруу кызматы уюштурулган. Бул кызматты айыл өкмөтүнүн алдындагы “Ак-Суу Тазалык-Техсервис МТС” муниципалдык ишканасы көрсөтүп келет. Айыл аймактын 3 айылына (Теплоключенка, Лесное, Кереге-Таш) жана МАКтын алкагында коңшу Алтын Арашан аймагынын Октябрь, Отуз-Уул жана Үч-кайнар айылдарына кызмат толук көрсөтүлүүдө. Кайырма-Арык, Пионер, Сары-Камыш, Ново-Константиновка айылдарына кызмат көрсөтүүнүн калькуляциялары даярдалып жатат. Кызмат көрсөтүүгө техникалар жетишсиз.Айыл аймакта мыйзамдаштырылган 1.90 га жер тилкесинде жайгашкан полигон бар. Ал эми жаны кошулган (Кереге-Таш, Сары-Камыш, Ново-Константиновка) айылдарда стихиялык полигондорду жоюш керек.

Тактап айтканда, Кыдыр Аке айыл аймагында жалпысынан 4441 кожолук бар. Турмуш тиричилик калдыктарын жыйноо, ташып чыгаруу жана жайгаштыруу кызматын көрсөтүү максатында муниципалдык ишкана 3373 кожолук (Теплоключенка -2794, Лесное-42, Кереге-Таш-537) менен келишим түзүп иш алып барууда. 1027 кожолук (Сары-Камыш- 383, Ново-Константиновка-204, Кайырма-Арык-320, Пионер-120 менен келишим түзүлө элек. Калган 41 кожолук алыскы тоолуу Энилчек айылында жайгашкан.

МАК долбоорунун алкагында Теплоключенка айыл өкмөтү тарабынан Кереге-Таш айылына гана кызмат көрсөтүлө баштаган. Кызмат уюшула элек 4 айылда (Сары-Камыш, Ново-Контсантиновка, Кайырма-Арык, Пионер) катуу тиричилик таштандыларын чогултуп чыгаруу кызматын көргөзүүнүн тартибин, стандарттарын, графиктерин жана тарифтерин иштеп чыгуу керек. Себеби, бул айылдар мурунку Кереге-Таш айыл аймагынын курамында болушкан, айыл өкмөтү өзүн-өзү каржылай албагандыгына байланыштуу кызмат көрсөтүү уюшулган эмес.

Бул айылдардан чогултуп чыгарылган КТТ Теплоключенка айылындагы мыйзамдаштырылган таштанды полигонуна ташылат. Бул таштанды полигонунун аянты 1,90 га, тиешелүү экологиялык,

санитардык паспорттору алынган. Жыл сайын «Ак-Суу Тазалык-Техсервис МТС» муницпалдык ишканасы тарабынан рекультивацияланып турат. Бирок, таштандынын көлөмү жыл сайын көбөйүп, таштандылар сорттолбой ташталып жаткандыгына байланыштуу таштанды полигонун башкаруу мүмкүн болбой калуу коркунучу жаралалууда.

Айыл аймакта турмуш тиричилик калдыктарын жыйноо, ташып чыгаруу жана жайгаштырууга байланыштуу төмөнкү көйгөйлөр бар:

- АТРга байланыштуу бардык жаңы айылдардын кошулуусу менен тарифтердин иштелип чыга электиги;
- Атайын таштанды чыгаруучу технкаларынын жетишсиздиги
- Төлөмдөрдүн өз убагында чогулбагандыгы;
- Сорттоп чогултуу практикасынын кеңири жайылтылбагандыгы;
- Аяр катмарларга субсидияны кайрадан карап чыгуу зарылдыгы;
- Полигондун санитардык-экологиялык нормага жооп бербегендиги

3. Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү аз (45%), себеби, жергиликтүү бюджеттин акча каражаты жетишсиз. Буга карабастан башка булактарды тартуу менен райондун борбору Теплоключенка айылынын чоң көчөлөрүнө асфальт төшөлүүдө.
4. Бүгүнкү күндө аймактын айылдары 50% жарыктандырылган. Пионер, Кайырма-Арык, Ново-Константиновка, Сары-Камыш айылдарынын борбордук гана көчөлөрү жарыктандырылган. Теплоключенка, Лесное, Кереге-Таш айылдары жана алыскы чек арадагы Эңилчек айылы толугу менен жарыктандырылды.

**Жергиликтүү инфраструктурасынын көрсөткүчтөрү**




5. Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны бүгүнкү күндө 1100 адам (7-18 жаш). Теплоключенка айылындагы маданий спорттук комплексинде 11 спорттун түрү боюнча секция ачылган: волейбол, футбол, баскетбол, грепплинг, күрөш, греко-рим күрөшү, каратэ, армрестлинг, бокс, шахмат, теннис; 4 айылда (Кереге-Таш, Ново-Константиновка, Пионер, Кайырма-Арык) жаңы кичи футбол аянтчалары курулуп жатат. Теплоключенка айылында кичи футбол аянты, чоң стадион, маданий спорт комплексинин базасында фитнес зал ачылып жатат.
Сары-Камыш айылында кичи футбол аянтчасы, күрөш залы, стадион, тогуз коргоол боюнча секция, Кереге-Таш айылында чон футбол аянтчасы, күрөш зал, машыгуу залы бар. Кайырма-Арыкта жаштар борбору ачылган, ичинде күрөш менен машыгууга шарт түзүлгөн.
6. Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны 350 бала. Теплоключенка айылында райондук музыкалык мектеби, балдар билим берүү борбору иштейт. Аларды бир нече музыкалык жана башка ийримдер уюштурулган. Көбүнесе мектеп окуучулар катышат. Мындан сырткары, айылдардын мектептеринде балдар үчүн ийримдер иштөөдө.

Кереге-Таш айылында "Устат-Шакирт" элдик ыр-бий ансамбли уюштурулган, жылына 70-80 бала тарбияланат. Теплоключенка, Сары-Камыш, Ново-Констаниновка айылдарында "Шайыр апалар"тобу уюштурулган.

Аймактын ар бир айылында парктар, эс алуу жайлар бар. Айыл өкмөтү тарабынан алардын инфраструктураларын жакшыртуу жана эл үчүн бош убакытты өткөрүүгө шарттарды түзүү маселелери каралууда

7. Балдарды мектепке чейинки билим берүү:
Айыл аймакта жалпысынан 7 бала бакча бар, 954 бала тарбиялануууда. Буга карабастан бала бакча жетишсиз, электрондук кезекте турган балдардын саны 1000ден ашык. Теплоключенка айылында 60 орундук бала бакча, Кереге-Таш айылында 90 орундук бала бакча курулууда.

8. Балдарды мектептик билим менен камтуу 100%. Аймакта 7 мектеп бар, 4500дөн ашуун окуучу бар. Орто билим алууга бардык шарттар түзүлгөн, мектептердин материалдык-базасы бар.

9. Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли калктын санына туура келет. 2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар. 4 айылда ФАП бар, Ново-Константиновка айылына 1 ФАП, Теплоключенка айылынын Арык Мырза конушуна 1 ФАП курулууда.

10. Калктын турак жай менен камсыз болушу: Бир тургунга жалпы аянттын кв.м статистика боюнча 12 чарчы метрди түзөт. Турак-жай менен камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн саны 80%ды түзөт. Теплоключенка айылынын Арык-Мырза жаңы конушунда 1100 үй-бүлө жер участкасы берилди. Калган айылдарда 310 арыздар жер мунапсына берилип, анын ичине 45 арыз канааттандырылып, райондук комиссиянын кароосуна берилди. Калган арыздар каралууда.

**Корутундулар жана сунуштар**:

Айылдык аймактын деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга көңүл бурулат. Бул максатта кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча атайын пландар иштелип чыгат жана муниципалдык ишкананын ишин жакшыртууга көңүл бурулат.

Калктын муктаждыктарын аныктоо боюнча чогулуштар өткөрүлгөн: 2024-жылдын 3-6-июнь күндөрү Кереге-Таш, Сары-Камыш, Ново-Константиновка, Кайырма-Арык, Пионер, Теплоключенка, Лесное айылдарында чогулуш өткөрүлүп, төмөндөгү көйгөйлөр аныкталды: Катышуучулардын саны 437 адам, анын ичинен аялдар 278 адам.

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
|---|---|---|
| Теплоключенка айылынын таза суу менен камсыз кылуу. Жай мезгилинде баткак суу агат. | Ичүүчү суунун системасы 60-жылдары жасалган. Баары жаңыртып реконструкцияланат. | 2027-жылы Теплоключенка айылынын тургундары таза суу менен 100% камсыз болушат. |
| Сары-Камыш айылындагы ичүүчү суунун тарамдарын жана суунун насосун жаңыртуу | Ичүүчү суунун системасы 60-жылы курулган, баарын жаңыртуу керек. | 2027-жылы айылдын тургундары 100% ичүүчү суу менен камсыз болот. |
| Пионер айылына таза суу системасын тартуу | Айыл ичине 6,3 км суу түтүгү тартылат | Айыл тургундары (болгону 100 түтүн) 100% ичүүчү суу менен камсыз болот |
| Ново-Константиновка айылынын ичүүчү суу тарамдарын жаныртуу | Айыл ичине 1 км суу түтүгү тартылат | 2025-2026жж.<br>Айылдын жаны конушу 1км ичүүчү суу менен |
| Кереге-Таш айылын ичүүчү суунун кошумча резервуарын куруу, кошумча ПВХ түтүктөрүн орнотуу | Көлөмү-500 кубдук резервуар курулуп, 1800 м ПВХ түтүктөрү орнотулат (дм-90) | 2025-2027-жылдары<br>айылдын тургундары ичүүчү суу толук жеткирилет |

| | | |
|---|---|---|
| Энилчек айылындагы бала бакчага таза суу тартуу | Бала бакчадагы балдар үчүн шарт түзүп берүү | 2025-жыл<br>Балдар ичүүчү суу менен 100% камсыз болушат. |
| Теплоключенка айылынын Ленин көчөсүнө асфальттоо | Республикалык бюджеттин эсебинен 1км жерге асфальт төшөө | 2024-2025-жыл<br>Ленин көчөсү аркылуу өткөн унааларга, жөө адамдарга, туристтерге шарт түзүлөт. |
| Каракол-Пионер-Кайырма-Арык-Сары-Камыш айылдарына маршрут каттамын ачып берүү | 6 км жолго асфальт төшөлүп, жол белгилери орнотулуп берилет | 2024-2025-жыл<br>Айыл тургундарына Каракол шаарына жана коңшу айылдарга каттоого шарт түзүлөт. |
| Теплоключенка айылынын Ленин көчөсүнө асфальт төшөө | 1 км  км аралыкка асфальт төшөлөт. | 2024-2025-жылдар |
| Сары-Камыш, Ново-Константиновка, Пионер, Кайырма-Арык айылдарында таштанды маселесин чечүү | Бул айылдарда КТТ чыгаруу кызматы уюшулуп, тарифтери иштелип чыгат, графиктери түзүлөт. | 2024-2025 жылдан баштап<br>“Ак-Суу Тазалык” МИ кызмат көрсөтөт |
| Эңилчек айылын жарыктандыруу жана интернет байланышын тартуу | 2.5 км аралык жарыктандырылат, 140 км аралыкка интернет  тартылат | Алыскы тоолу чек ара айылы жарыктандырылат жана санариптештирилет |
| Теплоключенка айылындагы Арык-Мырза конушуна электр чубалгыларын тартып берүү | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен электр энергиясы үчүн мамылар, чубалгылар алынып берилет. | 2024-2026-жылдар<br>Жаңы конушка үй салып аткан жарандарга шарт түзүлөт |
| Сары-Камыш, Ново-Константиновка, Пионер, Кайырма-Арык айылдарын жарыктандыруу | Жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша айылдарды бөлүп-бөлүп жарыктандыруу | 2024-2027-жылдар аралыгында айыл тургундарына шарт түзүлөт. |
| Пионер айылынын жаңы конушуна электр чубалгыларын тартуу | Электр чубалгыларын тартуу үчүн мамыларды, чубалгыларды алып берүү | 2025-2027-жылдар аралыгында жаңы конуштун тургундарына шарт түзүп берүү |
| Ново-Константиновка айылына бала бакча куруу | Бала бакча курууга 0,50 га жер тилкеси каралган. Мектеп жашына чейинки балдарга шарт түзүү | 2024-2027-жылдар<br>Айылда мектепке чейинки билим берүүгө шарт түзүлөт. |
| Кереге-Таш айылындагы 90 орундук бала бакчанын курулуш иштерин бүтүрүү | Бала бакчага эмерек алуу, жылуулоо | 2024-2025-жыл |
| Теплоключенка айылынын кире беришине Манасчылардын этношаарчасын куруу | 0,84 га жер тилкеси каралып, трансформациялоо иштери жүрүп жатат. | 2024-жыл.<br>Айыл аймактын кире беришинин инфраструктурасын жакшыртылат |
| Теплоключенка айылынын Арык Мырза жаңы | Генпланда бала бакчага жер каралган. Башка булактардын | 2027-2027-жж. |

| | | |
|---|---|---|
| конушуна 120 орундук бала бакча куруу | каражат тартуу менен курулушу иштерин жүргүзүү | Мектепке чейинки билим берүүгө шарт түзүлөт. |
| Теплоключенка айылынын Арык Мырза жаңы конушуна техникалык багыттагы заманбап мектеп куруу | Генпланда мектептин орду каралган. Башка булактардын каражат тартуу менен курулушу иштерин жүргүзүү | 2027-2027-жж.<br>Мектеп жашындагы балдардын билим алуусуна шарт түзүлөт. |

**3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү**

| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы (сом)** |
|---|---|---|---|
| Теплоключенка айылындагы ичүүчү суунун тарамдарын реконструкциялоо | 72 км суу тарамдары реконструкцияланат | 2025- 2027-жыл<br>Айылдын тургундары 100% ичүүчу суу менен камсыз болот. | Дүйнөлүк банк<br>1 млрд 200 миң сом |
| Теплоключенка айылынын айрым көчөлөрүнө суу киргизүүгө жабдууларды алып берүү | Дзержинский көчөсүнө 700 метр, Урманаев көчөсүнө 3 км 150 метр суу түтүктөрү “Ак-Суу коммуналдык чарба” МИ тарабынан тартылат. Аз камсыз адамдар ишке тартылып, “Иш үчүн азык-түлүк” долбоорунан азык-тулүк менен камсыздалат | 2024-жыл<br>Дзержинский, Урманаев көчөлөрүнүн тургундары суу менен камсыз болот | Жергиликтүү бюджет 32 миң<br>БУУнун “Жумуш үчун азык-түлүк” долбоору |
| Сары-Камыш айылындагы ичүүчү суунун тарамдарын реконструкциялоо | Ичүүчү суу толугу менен жеткиликтүү болот | Айылдын тургундары 100% ичүүчу суу менен камсыз болот. | Дүйнөлүк банк<br>35 млн |
| Пионер айылын ичүүчү суу менен камсыз кылуу | 6,3 км суу түтүгү тартылат | Декабрь 2024-ж.<br>Айыл тургундары (болгону 100 түтүн) 100% ичүүчү суу менен камсыз болот | “УКУС” долбору<br>22 млн |
| Ново-Константиновка айылын ичүүчү суу менен камсыз кылуу | 1 км суу түтүгу тартылат<br>Аз камсыз адамдар ишке тартылып, “Иш үчүн азык-түлүк” долбоорунан азык-тулүк менен камсыздалат | 2025-2026жж.<br>Айылдын жаны конушунун 3 көчөсү (218 түтүн) ичүүчү суу менен камсыз болот | Жергиликтүү бюджет<br>350 мин |
| Кереге-Таш айылын ичүүчү суунун кошумча резервуарын куруу, кошумча ПВХ түтүктөрүн орнотуу | көлөмү-500 кубдук резервуар курулуп, 1800 м ПВХ түтүктөрү орнотулат (дм-90) | 2025-2027-жылдары айылдын тургундары ичүүчү суу толук жеткирилет | Жергиликтүү бюджет 3,5 млн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Энилчек айылындагы бала бакчага таза суу тартуу | 200 м | 2025-жыл<br>Балдар ичүүчү суу менен 100% камсыз болушат. | 1.5 млн |
| Сары-Камыш (383), Ново-Константиновка (204), Пионер (120), Кайырма-Арык (320) айылдарында КТТ чыгаруу кызматын уюштурууга атайын техника алуу | 1027 кожолук кызмат ала алат<br><br>2 даана атайын техника (мусоровоз) алынат | 2024-2025 жылдар<br>“Ак-Суу Тазалык” МИ кызмат көрсөтөт | 15 млн |
| Теплоключенка айылынын Ленин көчөсүнө асфальт төшөө | 1, 5  км аралыкка асфальт төшөлөт. | 2024-2025-жылдар | 12 млн |
| Сары-Камыш айылынын борбордук көчөсүнө тратуарын капиталдык ремонттон өткөрүү | Сметасы дайындалып жатат. | 2024-2026-жылдар | 3,7 млн |
| Каракол-Пионер-Кайырма-Арык-Сары-Камыш айылдарынын маршрут каттамынын автоунаа жолун асфальттоо, жол белгилерин орнотуу | 6 км жолго асфальт төшөлөт | 2024-2025-жыл<br>Шаарга каттоого шарт түзүлөт. | 25 млн |
| Теплоключенка айылындагы Арык-Мырза конушуна электр чубалгыларын тартуу жана жарыктандыруу | 270 км | Жаңы конушунун тургундары 100% электр энергиясы менен камсыз болушат. 30% көчөлөрү жарыктандырылат | 27 млн |
| Кереге-Таш айылын жарыктандыруу | 70 км | Айылдын көчөлөрү 70% жарыктандырылат | 7 млн |
| Сары-Камыш айылын жарыктандыруу | 78 км | Айылдын көчөлөрү 70% жарыктандырылат | 7 ,8 млн |
| Ново-Константиновка айылын жарыктандыруу | 68 км | Айылдын көчөлөрү 70% жарыктандырылат. | 6,8 млн |
| Пионер айылын жарыктандыруу | 45 км | Айылдын көчөлөрү 70% жарыктандырылат | 4,5 млн |
| Кайырма-Арык айылын жарыктандыруу | 50 км | Айылдын көчөлөрү 70% жарыктандырылат | 5 млн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Пионер айылынын жаңы конушуна электр энергиясы менен камсыз кылуу | 40 км арылкка электр чубалгыларын жана трансформатор алып берүү керек | 2025-2027-жж<br>35-40 кожолук элект энергиясы менен камсыз болушат | 4 млн |
| Ново-Константиновка айылына 60 орундук бала бакча куруу | 0,50 га жер тилкеси каралган | 2024-жыл | 25 млн сом |
| Кереге-Таш айылындагы 90 орундук бала бакчага эмеректерди алуу, жылуулоо | Бала бакчага  эмеректер алынат, жылуулук системасы киргизилип,  балдар ойноочу аянты жасалат | 2024-2025-жыл<br>Айылда мектепке чейин билим алууга шарт түзүлөт. | 2262,2 миң сом республикалык бюджет,<br>1 млн сом жергиликтүү бюджет |
| Теплоключенка айылынын Ч.Айтматов кичи конушундагы 60 орундук бала бакчаны пайдалануууга берүү | Курулуш иштери аяктап жатат. Тегереги көрктөндүрүлүүдө | 2024-жыл<br>Окуу жылына пайдаланууга берилет | Кумтор голд компани 36,5 млн |
| Теплоключенка айылындагы Келечек бала бакчасынын спорт аянтчасын курчоо | Курчоо иштери жүргүзүлөт. | 2024-жылдын<br>3-кварталы | 2млн 554 мин 100<br>Анын ичинен райфонд<br>1млн 680.6 жерг.бюджет 873 мин |
| Теплоключенка айылындагы Күн Чубак бала бакчасынын чатырын ондоо жана терезелерин алмаштыруу | Чатыры жана терезелери алмаштырылат. | 2024-жылдын<br>3-кварталы | 2млн 367 мин 900<br>Анын ичинен райфонд<br>1млн 657.5 жерг.бюджет 710,4  мин |
| Теплоключенка айылынын М.Мамакеев мектебини кире беришин жана 2-3-блогун ремонттоо | Эшиктер алмаштырылат, дубалдары демонтаждалып ремонттолот | 2024-жыл | 1 млн 240 ми н<br>АРИС АИДЗ 540 миң<br>Жерг. бюджет 700 миң |
| Энилчек айылынын “Келечек” бала бакчасын жылуулоо, санитардык түйүндөрүн жакшыртуу | Жылуулоо иштери жүргүзүлүп жатат | 2024-жыл | АРИС АИДЗ 2 млн 175 мин сом |
| Теплоключенка айылынын кире беришине | 0,84 га жер тилкеси каралган | 2024-жыл | 60 млн сом |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Манасчылардын этношаарчасын куруу | | | |
| Теплоключенка айылынын Арык Мырза жаңы конушуна 120 орундук бала бакча куруу | Генпланда бала бакчага жер каралган. | 2027-2027-жж. | 120 млн |
| Теплоключенка айылынын Арык Мырза жаңы конушуна техникалык багыттагы заманбап мектеп куруу | Генпланда мектептин орду каралган | 2027-2027-жж. | 350 млн |
| Ново-Константиновка айылындагы О.Элебесов атындагы орто мектебинин жаңы корпусун пайдаланууга берүү | 150 орундук корпус пайдаланууга берилди. | 2024-жыл<br>Окуу жылынын башы менен ишке кирет | Республикалык бюджет<br>69 млн |
| Сары-Камыш айылынын Ж.Субанбеков мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү | Мектеп 1988-жылы курулган. Капиталдык ремонтко муктаж болуп турат. | 2026-2027-жылдар | 4 млн |
| Кайырма-Арык айылынын А.Деркембаев мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү (чатырын алмаштыруу, электр чубалгыларын жаныртуу, тышкы фасадын жасоо) | Мектеп капиталдык ремонтко муктаж. | 2025-2027-жж. | Жергиликтүү бюджет<br>Республикалык бюджет<br>11 млн 300 мин |
| Кайырма-Арык айылынын А.Деркембаев мектебинин эмеректерин жаныртуу жана уюштуруу техникалары менен жабдуу | Мектептин эмеректери өтө эски, союз учурунан бери жаныртылган эмес | 2025-2027-жж. | Жергиликтүү бюджет<br>Республикалык бюджет<br>3млн 300 мин |
| Эңилчек айылына мектеп куруу | Мектептин проектик-сметалык документтерин дайындоо | 2025-2027-жылдар<br>Алыскы тоолу аймактагы балдарга шарт тузүп берүү | 30 млн |
| Сары-Камыш айылындагы заманбап спорт комплексин куруу | 0,20 га жер каралган. Сметасы даяр АПУ, ИТУ, ПСД, топосьемка даяр. | 2026-2027-жылдар, айылда дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. | 36 млн сом |
| Сары-Камыш айылындагы бала бакчаны капиталдык ремонттон өткөрүү | Бала бакчанын имаратына капиталдык ремон жүргүзүлөт. | 2025-2026-жылдар | 20 млн сом |
| Кереге-Таш айылындагы Ж.Алышбаев атындагы мектепке 160 орундук | 1-4-класстар окуган корпус авариялык абалда болгондугуна байланыштуу жабылып калып, | 2025-2027-жылдар | 40 млн сом |

| | | | |
|---|---|---|---|
| кошумча корпус салып берүү | окуучулар 3 смен менен окушат. долбоордук-сметалык иш кагаздары даярдалган. | | |
| Айылдардагы клубдарды ондоо | Кереге-Таш, Пионер, Ново-Константиновка айылдарындагы клубдарды капиталдык ремонттон өткөрүп, эмеректерин жаныртуу, кондиционерлерди орнотуу | 2025-2027жылдар<br>Айыл тургундарына бош убактысын өткөрүүгө шарт түзүлөт | 3,5 млн |
| Теплоключенка айылынын Кыдыр Аке көчөсүнүн эстетикалык-архитектуралык инсталляциялык көрүнүшүн оңдоп түзөө | Дем берүү грантына долбоору берлиген, акча каражаты бөлүнгөн | 2024-жыл<br>Инфраструктурасы жакшырат | 10 млн 028 мин 200 анын ичинен республикалык бюджет 4 млн 999 миң 900 сом, райфонд 2млн, жергиликтүү бюджет 3 млн 028 миң |
| Кыдыр Аке көчөсүнө тротуар төшөө, жарыктандыруу, отургучтарды орнотуу | Дем берүү грантына долбоору берлиген, акча каражаты бөлүнгөн | 2024-жыл<br>Инфраструктурасы жакшырат | 9 млн 932 мин 900 анын ичинен республикалык бюджет 4 млн 999 миң 500 сом, райфонд 2млн, жергиликтүү бюджет 2 млн 933 миң 400 |
| Ново-Константиновка айылына ФАП куруу | Куруу иштери жүрүп жатат | 2024-жыл<br>Айыл эли фельдшердик медициналык кызмат алышат | 5млн 400 миң анын ичинен АРИС АИДЗ 3,4 млн<br>Райфонд 1 млн<br>жерг. бюджет 1 млн |
| | | | |
| БАРДЫГЫ жергиликтүү бюджеттин каражаттары | | | 12 382.55 |
| БАРДЫГЫ биргелешкен катышуу каражаттары | | | 26 060 311,1 |
| БАРДЫГЫ тике инвестициялар | | | 2570 574,4 |
| | | | |

**4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ**

**4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү** (миң сом)

| **Категория** | *Факт* | | | *күтүлгөн.* | *Прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | 144806,1 | 277030,5 | 362484,8 | 387125,5 | 401236,9 | 450523,2 | 500123,3 |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | 34750,1 | 36807,5 | 38147,6 | 40656,8 | 42726,5 | 45397,1 | 48318,8 |
| Айыл чарба: | 24647,1 | 25868,5 | 26912,6 | 28921,8 | 30591,5 | 32662,1 | 35081,8 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 16181,6 | 17192,9 | 18100,1 | 19990,0 | 21550,1 | 23350,1 | 25340,0 |
| Мал чарбачылыгы | 8465,5 | 8675,6 | 8812,5 | 8931,8 | 9041,4 | 9312,0 | 9741,8 |
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү | 388080,9 | 408425,5 | 652394,0 | 678104,3 | 679699,3 | 681004,4 | 682414,5 |
| Өнөр жай кызматтары | 49016,9 | 59361,5 | 48539,8 | 70250,1 | 71545,1 | 72450,2 | 73560,3 |
| Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү | 339064,0 | 349064,0 | 603854,2 | 607854,2 | 608154,2 | 608554,2 | 608854,2 |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | 17000,0 | 42878,0 | 95185,1 | 106155,0 | 151681,0 | 171410,0 | 195928,0 |
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү: | 313596,8 | 556048,5 | 689421,6 | 714229,0 | 733030,3 | 747403,4 | 771476,1 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 235154,0 | 464564,0 | 596104,0 | 615314,0 | 628112,0 | 635313,0 | 651340,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мейманканалардын жана ресторандардын иши | 2848,0 | 3390,0 | 4760 | 5510 | 6720 | 6981 | 7282 |
| Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо | 31166,7 | 34265,9 | 37253,9 | 39218,1 | 41412,1 | 44518,0 | 48620,1 |
| Маалымат жана байланыш | 451,0 | 486,0 | 513,0 | 536,0 | 570,1 | 585,9 | 600,1 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 7919,8 | 10587,6 | 12362,4 | 13919,1 | 15115,2 | 17340,9 | 19541,8 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 583,5 | 617,0 | 674,5 | 690,1 | 710,2 | 721,3 | 735,1 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | 7217,6 | 7879,0 | 8147,0 | 8341,0 | 8514,6 | 8790,1 | 9012,2 |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | - | - | - | - | - | - | - |
| Билим берүү | 1980,3 | 3769,5 | 4334,2 | 4417,2 | 4535,5 | 4686,4 | 4788,9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 17155,3 | 9818,2 | 12948,4 | 13442,3 | 13942,3 | 14462,3 | 14997,3 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 143,3 | 178,0 | 177,2 | 184,2 | 191,3 | 197,4 | 101,6 |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү | 8977,3 | 20493,3 | 12147,0 | 12657,0 | 13207,0 | 13807,1 | 14457,0 |
| Түз инвестициялар | 17000,0 | 42878,0 | 929777,5 | 424289,9 | 437531,2 | 441640,1 | 445657,1 |
| Айыл чарба | - | - | - | - | 10000,0 | 10000,0 | 10000,0 |
| Өнөр жай | - | - | 864000,0 | - | - | - | - |
| Курулуш | 17000,0 | 42878,0 | | 310122,0 | 311099,0 | 312100,0 | 313120,0 |
| Соода | -- | - | | 30000,0 | 30000, | 30000,0 | 3000,0 |
| Транспорт жана байланыш | - | - | 33119,0 | 40509,0 | 41281,0 | 42330,0 | 43415,1 |
| Башка кызматтар | - | - | 32658,5 | 33658,9 | 34151,2 | 35210,1 | 36122,0 |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | 10000,0 | 11000,0 | 12000,0 | 13000,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын кирешеси: | 284038,0 | 536362,6 | 684224 | 709089,2 | 725946 | 739279.8 | 762814,8 |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 40646 | 61377 | 72100 | 78100 | 80100 | 84500 | 90000 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | 1160,0 | 1940,0 | 6040,0 | 5400,0 | 5250,0 | 5050,0 | 4800,0 |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 6886 | 8292 | 9800 | 10100 | 12316 | 14256 | 16520 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 192,0 | 189,6 | 180,0 | 175,2 | 168,0 | 160,8 | 154,8 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү | 235154,0 | 464564,0 | 596104,0 | 615314,0 | 628112,0 | 635313,0 | 651340,0 |

## 4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо

Кыдыр Аке айыл аймагынын экономикасында айыл чарбасынын чоң үлүшү чоң, анын ичинен дыйкан чарбасы – 69 % , мал чарбасы 31 % .

**Кыдыр-Аке ААнын айыл чарбанын түзүмү:**




**<u>Айыл чарбасы</u>** менен ар бир үй-бүлө алектенет. Теплоключенка айылында “Заря” өндүрүштүк айыл чарба кооперативи бар. Алар Ысык-Көл облусун дан эгиндеринин, картошканын сапаттуу үрөндөрү менен камсыз кылып келет. Материалдык-техникалык базасынын абалы жакшы, өз алдынча чарба жүргүзүп келишет.

Бүгүнкү күндө жер иштетүү, асыл тукум мал өстүрүү боюнча жаңы түзүлүп келе жаткан кооперативдер, биогумус иштетүү, таза биогаз алуу, гидропоника өстүрүү жаатында алгылыктуу иштерди жүргүзүп жаткан фермерлер дагы бар.

Айыл аймактын айыл чарба жерлеринин сугатка ылайыктуусу -60%, кайрак жерлер-20%, пайдаланууга жараксыз жерлер- 10%, алма бак жана чөп чабындылар-10%. Азыркы учурда жергиликтүү калктын көпчүлүк бөлүгү жер себишет жана түшүмдүүлүктү көтөрүү максатында химиялык заттарды көп колдонушат. Анын кесепетинен жерлердин сапаты төмөндөөдө. Ошондой эле, алмаштырып себүү эске алынбайт.

Теплоключенка айылында 89,9 км ички чарбалык арык-каналдар бар. Айыл өкмөтүнүн каржылоосу менен сугат суу кызматын “Ак-Суу 2015” СПАсы көрсөтүп келет. Айыл эли сугат суу менен толук кандуу камсыз болушат. Ал эми Кереге-Таш, Сары-Камыш, Пионер, Кайырма-Арык, Ново-Константиновка айылдарынын ички чарбалык арык-каналдары 101, 1 км. Буларды “Бийик жер” СПАсы тейлеп келет. Жалпылап айтканда айыл аймагынын ички чарбалык чоң каналдары капиталдык оңдоого муктаж.

Жергиликтүү тургундардын басымдуу бөлүгү дан эгиндерин, картошка жана чөп (тоют) өстүрүшөт. Айыл аймакта айыл чарба өсүмдүктөрүн өзгөчө малинанын, бүлдүркөндүн, карагаттын сапаттуу көчөттөрүн өндүрүү, түшүм алуу үчүн жакшы өбөлгөлөр бар. Буга карабастан айыл аймактын агрардык сектору дагы бир катар көйгөйлөр менен мүнөздөлөт:

- Ички чарбалык арык-каналдардын эскилиги;
- Дыйкандардын жерди туура пайдалануу боюнча тажрыйбасы жетишсиздиги түшүмдүн аз болуусуна жана чыгашаларга алып келүүдө;
- Түшүмдү көп алуу үчүн химиялык заттардын ашыкча колдонулушу азык-түлүк коопсуздугуна таасир этип, айыл чарба жерлеринин кунарын кетирүүдө;
- Өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдетилген насыялардын көлөмүнүн аздыгы, мамлекеттик банк тарабынан талап кылынган документтеринин көптүгү;
- Күйүүчү, майлоочу жайлардын баасынын туруксуздугу;
- Агрардык билимге ээ атайын адистердин жоктугу;
- Айыл чарба продукциясынын баасынын төмөндүгү;
- Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Айыл чарба продукциясын экспорттоо үчүн эл аралык стандарттагы лабораториялардын жоктугу;

**Мал чарбасы.** Айыл жергесинде ар бир кожолуктун өздөрүнө тиешелүү мал чарбасы бар. Ар бир мал чарбасы бар кожолук тоютун өзү камдап, аракет кылып кылып келишет. Мал чарбасы айыл тургундарынын бирден-бир киреше булагы болуп саналат. Ошол себептен аймакта мал чарбасын өнүктүрүүгө көңүл буруу талап кылынат. Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү тоскоолдуктар:

- Аймакта мал чарба тармагында адистештирилген чарбалардын жоктугу;
- Эт жана сүт азыктарын кайра иштетүү цехтеринин жоктугу;
- Тоюттун кымбаттап кетүүсү;
- Бордолгон малдардын арзан баада болуп калуусу;
- Асыл тукум малдын аздыгы;
- Ветеринардык билими бар адистердин жоктугу;
- Ветеринардык пункттардын жоктугу;

Айыл чарбасы менен мал чарбасындагы жогоруда айтылган көйгөйлөрдү жоюп, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн сандан сапатка өтүү принциби менен түшүм алуу, үрөн даярдоо, тоют даярдоо, мал багуу, эт , сүт азыктарын кайра иштетүү боюнча жергиликтүү калкка окуу иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүп, аларды үрөн жана сугат суу менен камсыздоо иштерин жүргүзүү керек.

**Кичи жана орто бизнес.** Айыл аймакта кичи ишкердик жүргүзүү өсүү тенденциясында. Кичи жана орто бизнес кылуу, соода-сатык түйүндөрүн ачуу жана кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү акырындык менен өнүгүүдө. Аймактын экономикасын көтөрүү үчүн инвесторлорду жана жеке ишкерлерди аймагыбызда ишмердик кылууга тартуу жана ыңгайлуу шарттарды түзүү керек.

**Туризм.** Кыдыр Аке айыл аймагы туристтик зоналардын катарын толуктайт. Аймакта туризмдин бардык багыттары (конный туризм, горный туризм, пеший туризм, альпинизм ж.б.) жанданып келатат. Теплоключенка айылында туристтик маалымат борбору курулууда. Аймактын экономикалык абалын

жакшыртуу үчүн туризм багытына көңүл бөлүп, сервистик кызмат көрсөтүү, мейманкаларды,этно-кафелерди, конок үйлөрүн ачуу боюнча жергиликтүү калкка колдоо көргөзүп, аймактын инфраструктурасын жакшыртуу зарыл. Туристтерди кызыктыруу үчүн аймактын туристтик жол картасын түзүү керек.

**Корутундулар жана сунуштар**:

ААнын экономикалык адистешүүсү дыйканчылк бойдон калууда, анын үлүшүнө жалпы **айыл чарба продукциясынын 69 % туура келет** . Буга климаттык шарттар жана ААнын географиялык жайгашуусу шарт түзөт. **Мал чарбачылыгын** мындан ары өнүктүрүү үчүн тоют менен камсыз кылууну көбөйтүү, фермерлерди окутуу жана ветеринардык көзөмөлдү жакшыртуу боюнча бир катар чаралар СЭӨПтө каралат. **Өсүмдүк чарбачылыгынын** экономикалык өсүштүн негизи катары каралып - бул жерде тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү аркылуу өсүмдүк өстүрүүчүлүктү жана мал чарбачылыгын өнүктүрүүнү шайкеш келтирүүгө болот, мындан тышкары ирригацияны, үрөнчүлүктү, мөмө жемиштерди өнүктүрүү боюнча чаралар каралган жана дыйкандарды окутууга көңүл бурулат.

**Өнөр жай өндүрүшүнүн** көлөмдөрү чоң эмес, бул ААнын андан ары өнүгүүсүнө негиз болуп саналат. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү жана жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнү колдоо зарыл.

АА үчүн келечектүү тармактардын бири **туризм болуп саналат** . Туристтик зоналарды уюштуруу жана башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тажрыйба алмашуу боюнча чаралар көрүлөт жана туристтерди кызыктыруу үчүн аймактын туристтик жол картасын түзүү керек.

**4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар).**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) |
|---|---|---|---|
| Дыйканчылык | Дыйкан/ фермерлерди жогорку сапаттагы үрөндөр менен камсыз кылууга (буудай, арпа) көмөктөшүү<br>70% дыйкан фермер төлөйт, 30% материалдык резервдик фондудан төлөнөт. | 2024-2027-жылдар<br>Дыйкан/фермерлер дин 30% женилдетилген шартта үрөөндөр менен камсыз болот, кирешелери 50-60%га жогорулайт. | Мамлекет тарабынан берилген квотага ылайык |
| Органикалык аймак класстерин түзүү | Мамлекеттин жана бейөкмөт уюмдардын жардамы менен фермерлерди, аялдарды, жаштарды жана калктын аярлуу катмарынын органикалык жол менен өсүмдүк өстүрүү, тоют дайындоо боюнча окутуулар өткөрүлөт. | 2024-2027-жылдар<br>Фермерлер органикалык азык-түлүктөрдү өндүрүүнү,органикалык жер семирткичтерди алууну (биогумус, биогаз), тоют өндүрүүнү (гидропоника) өздөштүрүшөт. | Бейөкмөт уюмдар/ долбоорлор/ жеке тараптар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жеке ишкердикти жандандыруу максатында үй шартында сүттү кайра иштетүүгө көмөктөшүү | Долбоорлорду тартуу менен сүттүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үй шартында аны кайра иштетүү боюнча чакан топто окутууларды өткөрүүгө көмөк көргөзүү | 2025-2027-жылдар<br>Кайра иштетүү жандандырылат | Долбоор/ демөөрчү |
| Мал чарбасы менен алектенген фермерлерге колдоо көргөзүү | Эт, сүт багытындагы асыл тукум мал багуунун, малды бордоонун техникасын үйрөтүү боюнча окуу-курстарын өтүүгө көмөктөшүү | 2025-2027-жылдар<br>Фермерелер сандан сапатка өтүшөт.<br>Мал бордоону жана тоют рационун өздөштүрүшөт. | Долбоор/ демөөрчү |
